Ж.Сатылганов атындагы орто мектебинин
Көзөмөлчүлүк кеңешинин чогулушунун

**№3 Т о к т о м у**

16-сентябрь 2022-жыл Кара- Ой айылы

**Чогулушка катышкан мүчөлөр:**
Төлөбек кызы Анара -мектеп директору
Г.Кулубаева –тарбиялык иштерди уюштуруучу
А.Артыкбаев -соц.педагог
Р.Казиев –чарбалык иштер боюнча директордун орун басары
Г.Мааткеримова–Көзөмөлчүлүк кеңештин төрайымы
Чогулушка катышкандардын саны-15

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Коомчулуктун баалоо карточкалары.
2. Мектеп деңгээлинде демилгелүү топ (ДТ) түзүү.

Угулду. Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча мектеп директору Төлөбек кызы Анара билдирүү жасады. Билим берүүдө коомдук ишенимди жогорулатуу жана коррупциялык тобокелдиктерди алдын алуу максатында ачык-айкындуулугун жана отчёттуулугун жогорулатуу көрсөтүлгөн. Жалпы билим берүүчү мектептер өз ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын жана мектепти өнүктүрүү жана билим берүү процессин жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алуу процессин камсыз кылуу боюнча окуучулардан, ата-энелерден жана коомчулуктан активдүү катыша алат. Бул процессте Көзөмөлчүлүк кеңеши маанилүү ролду ойной алат. Бул процесстерди ишке ашырууда натыйжалуу саналган куралдардын бири болуп, “Коомчулуктун баалоо карточкалары” методологиясы эсептелинет.

Практикада “Коомчулуктун баа берүү карточкалары” методологиясын колдонуу кандай жүрөт? Бул мектепти башкарууда коомчулуктун катышуусун ошол коомчулук үчүн аракеттердин алгоритми. Алгоритм өзүнө төмөнкү этаптарды камтыйт.

1. Мектептин деңгээлинде демилгелүү топту түзүү;
2. Стандартка ылайык келүүсүнө байкоо жүргүзүү матрицасын толтуруу.
3. №1 координациялык жолугушуу; Фокус-топторду өткөрүү; №2 координациялык жолугушуу;
4. Сектор аралык чогулуш;
5. Мектептин стратегиялык өнүктүрүү планына биргелешкен иш-аракеттер планын киргизүү. Алар: “Демилгелүү топ”, “Коомчулуктун баалоо карточкалары”, “Стандартка ылайык келүүсүнө байкоо жүргүзүү матрицасы”, “Сектор аралык чогулуштар”, “Биргелешкен иш-аракеттер планы” жана башкалар.

Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча тарбиялык иштер боюнча уюштуруучу Г.Кулубаева билдирүү жасады. Мектептин Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү мектеп көйгөйлөрүн аныктоо, аларды чечүү жолдорун табуу боюнча жана “Коомчулуктун баалоо карточкалары” методологиясын пайдалануу менен мектепти стратегиялык өнүктүрүү планына аны киргизүү демилгесин көтөрүшөт. Жогорудагы көрсөтүлгөн иш чараларды жүзөгө ашыруу үчүн атайын түзүлгөн демилгелүү топ иштейт. Анын курамы тогуз адамдан турат: 3 мугалим, 3 окуучу, 3 ата-эне. Демилгелүү топту түзүүдө тең салмактуулукту эске алуу керек.

Сканировано с CamScanner

Мектептеги көзөмөлчүлүк кеңештин төрайымы Г.Мааткеримова демилгелүү топ түзүү боюнча ата-энелерден Таалайбек кызы Наргиза менен Дондоев Алмазды көрсөттү.

Чогулушка катышкан мүчөлөр бул сунушту кабыл алды.

Тарбиялык иштер боюнча уюштуруучу Г.Кулубаева ата-энелерден Искендерова Каныкейди, окуучулардан 10-б класстын окуучулары: Нурдинов Кубатты, Советбеков Дин-Исламды, 9-б класстын окуучусу Асанбекова Мыскалды көрсөттү .

Чогулушка катышкан мүчөлөр бул сунушту кабыл алды.

Мектеп директору Төлөбек кызы Анара мугалимдерден англис тили мугалими Сапарбаева Аселди, физика мугалими Сеитов Уланды, кыргыз тили жана адабияты мугалими Максүтова Калбүнү көрсөттү.

Чогулушка катышкан мүчөлөр бул сунушту кабыл алды.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш чечим кылат:

1. Билим берүүдө коомдук ишенимди жогорулатуу жана коррупциялык тобокелдиктерди алдын алуу максатында ачык-айкындуулугун жана отчёттуулугун жогорулатуу үчүн "Коомчулуктун баалоо карточкаларын" уюштуруу жагы каралсын.

2. Мектеп деңгээлинде ата-энелерден Таалайбек кызы Наргиза менен Дондоев Алмазды, Искендерова Каныкейди, окуучулардан 10-б класстын окуучулары: Нурдинов Кубатты, Советбеков Дин-Исламды, 9-б класстын окуучусу Асанбекова Мыскалды , мугалимдерден англис тили мугалими Сапарбаева Аселди, физика мугалими Сеитов Уланды, кыргыз тили жана адабияты мугалими Максүтова Калбүнү демилгелүү топтун мүчөлөрү катары кабыл алынсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектептин Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрайымы Г.Мааткеримовага тапшырылсын.

Жыйындын төрайымы мектеп директору Төлөбек кызы А

Сканировано с CamScanner